9. Suravegina, I.T. The system of environmental education at school: concept and model // Ecology, culture, education. – 1989. – pp. 204-210.
10. Toktosunov, A. Biology book for grades 7-8 A. - Bishkek, 2006.
11. Khutorskoy, A.V. Modern didactics. Theory, methodology, practice. - St. Petersburg, 2001. - 639 p.
12. Ermakov, D.S. Formation of ecological competence of students. – M., 2009. – 180 P.

УДК 371.1: 378.014.242
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(1)-63-68

**Алимбеков А., Мырсабек кызы Кулпунай**
Кыргыз-Түрк Манас университети, педагогика кафедрасы, педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз-Түрк Манас университети, педагогика кафедрасы, магистрант
**Алимбеков А., Мырсабек кызы Кулпуна**
Кыргызско-Түрецкий университет Манас, кафедра педагогики, доктор педагогических наук, профессор,
Кыргызско-Түрецкий университет Манас, кафедра педагогики, магистрант
**Alimbekov A., Myrsabek kyzy Kulpunai**
Kyrgyz-Turkish University Manas, Department of Pedagogy, Doctor of Pedagogic Sciences, Profesor
Kyrgyz-Turkish University Manas, Department of Pedagogy, master's student

# ГАПЫР МАДАМИНОВДУН НОВАТОРДУК ТАЖРЫЙБАСЫНЫН КООМДУК ПЕДАГОГИКАЛЫК МААНИСИ
# ОБЩЕСТВЕННАЯ ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ЗНАЧИМОСТЬ ИННОВАЦИОННОГО ОПЫТА ГАПЫРА МАДАМИНОВА
# PUBLIC PEDAGOGICAL SIGNIFICANCE OF GAPYR MADAMINOV'S INNOVATIVE EXPERIENCE

**Аннотация:** Сунушталган макалада чыгаан новатор педагог Гапыр Мадаминовдун Баткен областынын Тажикстан менен чектеш Жаштык айылындагы эксперименталдык гимназияда жараткан алдыңкы тажрыйбаларынын негизги багыттарына баа берилет. Өзгөчө ал тарабынан түзүлүп көп жылдык апробациядан өтүп бүгүн бүткүл Республикада новатордук тажрыйба катары таанылган “Энелер мектебинин” максаты, принциптери, методдору, ыкмалары, кайтарымдуулугу, бүгүнкү күн үчүн актуалдуулугу талдоого алынат.

**Аннотация:** В представленной статье будет дана оценка основным направлениям передового опыта педагога-новатора Гапыра Мадаминова, созданного в экспериментальной гимназии села Жаштык Баткенской области на границе с Таджикистаном. В частности, будут проанализированы созданная им и прошедшая многолетнюю апробацию цель, принципы, методы, приемы, обратимость, актуальность для сегодняшнего дня “Школы матерей”, признанной сегодня во всей республике инновационной практикой.

**Abstract:** The proposed article evaluates the main directions of the first experiments of the innovative teacher Gapyr Madaminov, created in an experimental gymnasium in the village of

Zhashtyk, Batken region, bordering Tajikistan. In particular, the purpose, principles, methods, techniques, recurrence and relevance today of the "School of Mothers" will be analyzed, which is recognized as an innovative experience throughout the country after passing many years of testing.

**Негизги сөздөр:** Г. Мадаминов, новатор, алдыңкы тажрыйба, эксперименталдык гимназия, энелер мектеби, кайтарымдуулук.

**Ключевые слова:** Г.Мадаминов, новатор, передовой опыт, экспериментальная гимназия, школа матери, результатативность.

**Keywords:** G. Madaminov, innovator, innovate experience, experimental gymnasium, mother's school, effectiveness.

Тарыхта бардык улуу педагогдор карапайым элдин тарбиялык нускалары менен тажрыйбаларын илимге, ал эми мектептеги билим берүү ишин ата-энелерге жакындаштыруунун жолдорун издеп, алгачкы тажрыйба жаратууга жетишкен. Андай тажрыйбанын үлгүсү катары, щвейцариялык педагог агартуучу И.Г.Песталоцинин катардагы карапайым эненин, өз баласына өзү, баштапкы элементардык билим берүүсүнө ылайыкташтырылган «Энелер үчүн китеп» деп аталган колдонмону көрсөтүүгө болот. [1, 14] Тилекке, каршы соңку кылымдардагы социалдык өзгөрүүлөрдөн улам ата энелер өзүнүн табийгый тарбиялык функциясын толук аткаруудан четтеп бара жактан фактылар көбүрөөк кездешип келе жатат. Мындай көрүнүшкө ата-энелердин тарбиялоо ишине каалоо, ыкластарынын басаңдашы эмес, көбүнесе бүгүнкү күндөгү татаал шарттарга ылайык билим жана тажрыйбаларынын жетишсиздиги себеп болууда.

Ошону менен бирдикте мектепте ата -энелердин педагогикалык маданиятын кантип өркүндөтүү зарыл? -деген суроого илим тарабынан жетишээрлик жооп бериле элек. Ал эми практикада бул суроонун жообун издеп жолун чаап тажрыйба жаратып, илимий жактан жалпылап жалпыга жайылтып келе жаткан жигердүү чыгаан педагог-Гапыр Мадаминов.

Бул макалада Гапыр Мадаминовдун жалпы новатордук педагогикалык тажрыйбасынын алкагында анын көп жылдык апробациядан өтүп бүгүн бүткүл Республикада новатордук тажрыйба катары таанылган “Энелер мектебин” түзүү тажрыйбасы жана ал тажрыйбанын коомдук педагогикалык мааниси талдоого алынды. Алдыга коюлган милдеттер каралып жаткан маселеге тиешеси бар педагогикалык адабияттарды талдоо, педагогдун илимий-методикалык эмгектерин анализдөө, мугалимдердин, жалпы эле педагогикалык коомчулуктун иликтенип жаткан маселеге карата мамилесин айкындоо үчүн анкета, сурамжылоо жана аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү, илимпоздун өзү менен аңгемелешүү аркылуу жүзөгө ашты.

Гапыр Мадаминов атуулдук, коомдук активдүүлүгү жогору, сынчыл педагогикалык интуициясы, аналитикалык ойлом маданияты күчтүү инсан катары бүгүнкү кыргыз мектептери туш болгон көйгөйлөрдү башкалардан баштараак баамдап алардан чыгуунун жообун издеп, жолун чабуудан чарчабаган чыныгы изденгич, изилдөөчү педагог. Чын чынына келгенде айыл мектебинде иштеп жүрүп илимий педагогикалык ой толгоолорун, тажрыйбаларын илимий макала, китеп формасында жалпылап жарыялап келе жаткан педагогдор кыргыз коомунда өтө эле сейрек. Алардын эң жигердүүлөрүнүн бирөө Бектур Исаков болсо, экинчиси Гапыр Мадаминов. [ 2]

Коомчулук тарабынан ага “Бүгүнкүнүн Дүйшөнү”, “Эл мугалими”, “Элеттик илимпоз”, “Лейлектин Герродоту”, “Биздин Макаренко”, “Кыргыздын Сухомлинскийи” деген наамдар эчак берилип, сыймыктануу менен айтылып келет. [3]

Гапыр Мадаминовду катардагы айылдык новатор мугалим гана эмес, өз тажрыйбасын жалпылоо аркылуу педагогикалык илим билимге салмактуу салым кошкон педагог катары кароого болот.

Буга анын билим берүү мекемелеринде кеңири колдонулуп келе жаткан «Ата-энелер сиздер үчүн» [5], «Акыл эмгегинин маданияты» [6], деген эмгектери күбө.

Гапыр Мадаминов «Акыл эмгегинин маданияты» аттуу эмгегиндеги балдарга билим берүүнүн эң натыйжалуу жолу болгон алардын акыл эмгегин уюштуруу, интелектуалдык ишмердүүлүк маданиятын өнүктүрүү маселелери дагы бир ирет илимий жактан талдоого алынат. Анын бекем ишениминде билим алууда балдарга жардам берип жол көрсөтүү, илхом берүүгө болот. Бирок, ийгиликке ар бир бала өзүнүн акыл эмгегин туура уюштуруу аркылуу гана жетишет. Гапыр Мадаминовдун мектебинде дүйнөлүк педагогикалык парадигма катары таанылган бул акыйкат реалдуу изденүүлөрдүн негизинде өркөндөтүлүп мугалимдер, окуучулар үчүн да кадыресе күндөлүк турмуш эрежесине айланып кеткен. Лидер педагог катары Гапыр Мадаминовдун педагогдук көрөгөчтүгү дал мына ушунда жатат.

Гапыр Мадаминовдун көп жылдык педагогикалык изденүүлөрү аны билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын, окуучу, мугалим, ата -энелердин ишмердүүлүгүн текши жана өз ара биримдикте уюштуруусуз натыйжаны камсыз кылуу мүмкүн эмес деген философияга алып келген.

Гапыр Мадаминов бул тажрыйбасын алгач ата энелердин педагогикалык тажрыйбасын жана мугалимдердин ата энелер менен иш алып баруу иш формаларынын кайтарымдуулугун анализдөө талдоодон баштаган. Ал иштер көпчүлүк мектептерде формалдуу өтөөрү жөнүндөгү тыянакка келет. Буга байланыштуу байкоолорунун негизинде “Тарбиялоо – бул жөн эле баланы өстүрүү үчүн бир иштерди аткаруу, ата-энелер чогулушуна катышуу, алардын күндөлүгүн текшерүү, сейилдеп, басуу эле эмес, же балдарга жөн эле морал окуу: “Мен сага эмне дедим эле?”, “Эмнеге үйрөттүм?”, “Сен эмне кылдың?”, “Сага уят эмеспи?” деп кыйкыруу эмес, чыныгы тарбия бул – адеп-ахлактуу, ички маданияттуу, турмуштагы түрдүү жагдайларда өзүнүн акылы жана ички ынанымы менен эмне жасоону өз алдынча чече билген инсанды өстүрүү” –деген тыянакка келет.

Анын терең ишениминде мектеп айылдагы негизги билим, маданият очогунун бири болгондуктан ал айылдагы коомдук тарбияны уюштуруунун да, ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун да координациялык борбору болуп эсептелет. Анткени айыл шартында мектептерде гана жогорку билимдүү, дипломдуу адистердин жоон тобу иштейт. Бирок, мектептердеги тарбиялык сааттар, адеп сабагы, класстан тышкаркы иш-чаралардын (тарбия жумалыгы, КВН, фестиваль, конкурс, спорттук оюндар) тарбиялык потенциалы туура пайдаланылбайт. Анткени көбүнчө мындай иш-чараларда кийимге, оюн-зоок, шаңданууга, жасалгалоого маани берилип, рухий-адептик, тарбиялык жагы көңүлдөн четте калат. Алар кожо көрсүнгө ашыкча жасалгалап, шаан-шөкөт менен өткөрүлүп, балдарга жугуму аз болот. Мына ушундай формалдуу көрүнүштөрдөн улам бул ишти жаңы нукка буруу үчүн изденүү ишин баштаган.

Ошондуктан 1997-жылдан баштап ата-энелерди мектепке тартуу багытында проблемалык лаборатория ачкан. Жүргүзүлгөн иштердин мазмуну төмөнкүдөй

педагогикалык жоболорго негизелген: өзгөчө айыл жергесиндеги ата-энелер айыл-чарба иштери менен алек болгодуктан, мектеп менен байланышып турууга, баланын сабагына көп маани беришпейт; ал эми тарбия иши чыдамкайлуулукту, билимди жана аракетти талап кылат; үй-бүлөдө жүргүзүлгөн окуу иши педагогикалык агартуу ишинин жардамы менен ишке ашса натыйжалуу болот; эгерде ата-эне баланы системалуу тарбияласа, педагогикалык билими болуп туура багыттоого аракет кылса жакшы натыйжаларга жетүүгө мүмкүн. Ал эми башаламан тарбиялап, педагогикалык билими жок болсо балага зыян алып келиши толук мүмкүн; ошондуктан энелердин педагогикалык билимин өнүктүрүү шарт; үй-бүлөдө эненин жетекчилиги менен баланын дене бою, нравалык жана акыл эсинин өнүгүүсү калыптануусу керек. Бул маселе чынында эле коомдук мааниси акуалдуу маселе. Өзгөчө айыл мектептериндеги ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү жана балдардын келечегин кеңейтүү мамлекеттин өнүгүүсү үчүн шарт, анткени Кыргызстандын 90%нин калкы айыл-кыштактарынын тургундары.

Г. Мадаминов айылдагы ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууну педагогикалык жамааттын социалдык педагог, класс жетекчилердин педагогикалык маданиятын, ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуудан баштаган. Класс жетекчи бир окуу жылында ар бир окуучунун үй-бүлөсүнө жок дегенде бир жолу барып, ата-энелердин жашоо шарты, үй-бүлөдөгү моралдык психологиялык климат, балдардын билим, тарбия алуусу үчүн түзүлгөн шарт, ата-энелердин педагогикалык маданияты менен таанышуу, айыл жери үчүн эң зарыл жумуштардын бири. Ошондуктан Г. Мадаминовдун мектебинде ар бир окуу жылында ар бир окуучунун үй-бүлөсүнө барып, аларды үйрөнүү ар бир класс жетекчиге коюлган талаптардын бири катары каралган.

Класс жетекчилердин үй бүлө менен иш алып баруусу үчүн төмөнкүдөй талаптар иштелип чыккан: ата-энелер менен сүйлөшүүдө жогорку тактты сактоо, мүмкүн болушунча балдарынын жакшы тарабын айтуу; балдарынын жат жазуу иштерин алып барып (текшерүү иши, сочинение) ата-энелерге көрсөтүп сүйүнтүү; балдардын үстүнөн арызданбастан, билим, тарбия алуудагы проблемалары жөнүндө айтып, чогуу түзөтүүнүн жолун издөө; окуучулардын тагдырына кайдыгер эместигин сездирүү; биргелешкен иш-чараларды белгилеп кайтуу.

“Энелер мектеби” тажрыйбасынын программасы Гапыр Мадаминов тарабынан түзүлгөн. Энелер бул тажрыйбага катышуу процессинде канча лекцияларды, практикалык иш жана семинарлар менен айкалыштырып өтүшөт. “Энелер мектебинде” атайын балдардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү жөнүндө тема киргизгенбиз, анда: Таң калуу, баалоо, талдоо. Күзөтүү, салыштыруу, айырма, окшоштугун табуу. Суроо коюп, жооп издөө. Өткөнүн (тарыхы, келип чыгышы) билүү. Азыркы абалы, келечегин билүү. Эмнеге? Кантип? Качан? ж.б. суроолорго жооп издөө. Тар маани, кең мааниде алып кароо, талкуулоо. Азыркы абалы, өнүгүүсү негизинде келечегин болжолдоо. Моделдештирүү. Азыр, бүгүн, эртең, келечекти билүү, болжолдоого аракет. Себеп – натыйжа байланышын, чынжырын табуу. Ой жүгүртүп, далилдеп, корутунду чыгара билүү. [122; 79-б] Сабактар бүткөндөн кийин ар бир ата-эне жыйынтыктарын текшерүү максатында атайын экзамендер тапшырылып, атайын тема боюнча рефераттар жазылат. Андан тышкары алган билимин бекемдөө учун каникул учурунда балдарды мектепке даярдоо боюнча практикалык тапшырмаларды алышат. Ошентип бир гана айтып берүү, үйрөтүү менен чектелбестен, практикалык иштерди

аткарышып, балага туура тарбия берүү менен окуусуна мүмкүнчүлүк түзүп берүүнү үйрөнүшүп, иш процеси менен жуурулушат.

Г. Мадаминов тарабынан энелердин балдарды окутуу тарбиялоо маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары иштелип чыгып, ал шарттар өзү жетекчилик кылган педагогикалык коллектив тарабынан жүзөгө ашкан. Алардын биринчиси *балдарды тарбиялоого көмөк берүүчү илимий-педагогикалык, популярдуу адабий китептер менен камсыздоо* шарты.

Буга байланыштуу педагог тарбынан ата-энелер үчүн жөнөкөй тил, турмуштук мисалдар менен жазылган, ошол эле убакта илимий маалыматтарга негизделген автордук “Ата-энелер-сиздер үчүн” китеби даярдалып жаарыяланган. *Экинчи шарт* катары балдардын жаш курагын эске алып, тарбиялоочу ата-энелер мектебин уюштуруу ишин кароого болот Жогоруда белгиленгендей автордук программанын иштеп келе жаткандыгына 25 –жылдан ашты. Программанын мазмунунда 1-класстан 11-класска чейинки окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ата энелерге көмөк көрсөтүү, кеңеш берүү багытындагы билимдер камтылган. Новатор педагогдун ишениминде ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу аларга кеңеш берүүчү мугалимдердин педагогикалык компетенттүүлүгүнөн көз каранды. Ошондуктан экспериментaлдык гимназиядагы “Жаш мугалим, тарбиячылардын мектеби” атайын автордук программасы энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн *үчүнчү шарты* катары белгиленген. Мугалимдердин жана ата-энелердин жаңы маалыматтык санариптик каражаттар аркылуу баарлаша билүүсү *төртүнчү педагогикалык шарт* катары каралган.

Бишинчи педагогикалык шарт катары айылдагы социалдык мекемелердин, уюмдардын ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүдө кызматташуусу айкындалган. Г. Мадаминовдун жетекчилиги менен жүргүзүлгөн экспериментте мындай кызматташууну системалуу уюштуруу максатында 1997-жылдан баштап АБМИС (Аймактык бирдиктүү методикалык иштер системасы) түзүлүп, анда айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектеп, мектептен тышкары билим, маданият уюмдары, үй-бүлө, мечит ж.б. бир максатка-балдарага жакшы билим-тарбия берүүдө кызматташууга багытталып, иш жүргүзүп келүүдө. [122; 79-б]

Гапыр Мадаминовдун «Энелер мектебинин» моделин бүт республика мектептерине жайылтып, ишке киргизүү кайтарымы өтө жогору перспективалуу иш катары ар түрдүү деңгээлде каралып келет. Алсак, 2017-жылы май айында “Эне мектебинин” областык конференциясы, Лейлек району, Исфана шаарында өткөрүлүп ага район акими, айыл өкмөттөрү, ата-энелер болуп жалпы 570 адам катышкан.

Баткен областынын алдында түзүлгөн билим берүүнү жана “Эне мектебин” колдоо боюнча координациялык кенештин демилгеси,(Ч. Саттарова) КР билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу менен 2018-жылдын 16-апрелинде “Коомдогу жаштардын билим –тарбия сапатын жакшыртууда “Эне мектебинин” орду жана мааниси ” аттуу эл аралык форум өткөрүлгөн. Форумдун жыйынтыгында бул тажрыйбаны бүт Республикага жайылтуу боюнча декларация кабыл алынган.

Автор тарабынан иштелип чыгып таасирдүүлүгү көп жылдык тажрыйбада тастыкталган “Энелер мектебин” – ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун жаңы модели катары колдонууга болот.

Азыркы учурда бул тажрыйбалар Гапыр Мадаминовдун 15тен ашуун түрдүү аталыштагы китептеринде жалпыланып бүткүл республика мектептеринин энчисине айланып бара жатат. Анын тажрыйбасын өз демилгеси менен колдонгон мектептердин саны 272 тен ашты.Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде жана 522 жалпы билим берүүчү жайларда ата-энелерди окутуу программасы иштеп жатат. Ата-энелер мектеби программасынын максаты-баланы тарбиялоодо ата-эненин педагогикалык деңгээлин жогорулатуу. Сабактар айына бир ирет, атайын тематикага бөлүнүп окутулат. Аны класс жетекчилер же тренер катары белгилүү бир мугалимдер өтөт.”

Гапыр Мадаминовдун педагогикалык тажрыйбасы дал ушундай белгилерге ээ баалуулукка айланып калганы Кыргыз республикасынын билим берүү жана илим министрлиги менен бирдикте жети областтын мектептеринин демилгелүү педагогдору тарабынан колго алынган. Алсак, бул ишти мамлекеттик деңгээлде уюштуруу максатында 2022-жылдын 1-октябрынан баштап Кыргызстандын пилоттук мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарында “Ата-энелер мектеби” программасы этап-этабы менен киргизилген.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Песталоцци, И.Г. Избранные произв. в 3-х т [Текст] / И.Г. Песталоцци. – М.: АПН СССР, 1961. – Т.1. – С. 537-542.

2. Алимбеков, А. Гапыр Мадаминов илим майданында / А. Алимбеков // Кут Билим. – 2018. – 5-октябрь. – 10-б.

3. Бүгүнкүнүн Дүйшөнү. Умма ислам журналынын расмий сайты.- Бишкек, 2020. –URL: http://ummamag.kg/kg/articles/sore/2538 (Жарыяланды: 29 июль 2019)

4. Мадаминов, Г. Ата-энелер сиздер үчүн: экинчи китеп / Г. Мадаминов. – Бишкек, 2001. – 115 б.

5. Мадаминов, Г. Акыл эмгегинин маданияты. – Бишкек, 2016. 124 б.

6. Кабар - Кыргыз Улуттук Маалымат Агенттигинин расмий сайты http://kg.kabar.kg/news/bilim-ber-ministrligi-ata-eneler-mektebi-programmasyn-ishke-kirgizet ( Жарыяланды: 23 –сентаябрь 2022. )

**References:**

1. Pestalozzi, I.G. Selected works in 3 volumes [Text] / I.G. Pestalozzi. – M.: APN USSR, 1961. – T. 1.1. – pp. 537-542.

2. Alimbekov, A. Gapyr Madaminov on the square of Science / A. Alimbekov / /Knowledge. – 2018. – October 5. – p. 10.

3. The World Today. The official website of the Islamic magazine Umma.- Bishkek, 2020. - URL: http://ummamag.kg/kg/articles/sore/2538 (Published: July 29, 2019)

4. Madaminov, G. Parents for you: the second book / G. Madaminov. - Bishkek, 2001. – 115 P.

5. Madaminov, G. Culture of intellectual labor. - Bishkek, 2016. 124 P.

6. Kabar-the official website of the Kyrgyz National Information Agency http://kg.kabar.kg/news/bilim-ber-ministrligi-ata-eneler-mektebi-programmasyn-ishke-kirgizet (published: September 23, 2022) )